Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн
2026-жылдын 16-февралынын
№13 тескемесине
№ 2 тиркеме

Чым-Коргон айыл аймагында «Чүй Агро» долбоорун ишке ашыруу боюнча

# ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ

**Иш-чаралар планы 8 бөлүмдөн турат, иш-чаралардын саны 60**
**Ишке ашыруу мөөнөтү: 2026–2027-жылдар, так мөөнөттөргө жана кварталдарга бөлүнгөн**
**Мониторинг жана көзөмөл:** туруктуу (айлык, кварталдык, жылдык)

**БӨЛҮМДӨРДҮН АТАЛЫШТАРЫ:**

**1.** Суу ресурстары жана сугат тармагы (6 иш-чара)
**2.** Жер ресурстары жана жайыт (8 иш-чара)
**3.** Өсүмдүк өстүрүү (6 иш-чара)
**4.** Мал чарба (8 иш-чара)
**5.** Кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү (3 иш-чара)
**6.** Агроөнөржай комплексин техникалык жабдуу жана прогрессивдүү инновациялык технологияларды киргизүү (6 иш-чара)
**7.** Экспорттук багыт жана логистика (7 иш-чара)
**8.** Каржылоо жана насыялар (4 иш-чара)

**ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ**
**2026-2027-жылдарга карата**
**«ЧҮЙ АГРО»** артыкчылыктуу багытын ишке ашыруу боюнча
**(ЖОЛ КАРТА)**

**Максаты:** Климаттын өзгөрүүсүнүн жана суу ресурстарынын табигый шарттарында Чым-Коргон айыл аймагынын азык - түлүк коопсуздугун, сууну жана жерди туруктуу пайдаланууну камсыз кылуу, айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана айыл калкынын кирешесин жогорулатуу.

**Көзөмөлдүн негизи:** Пландын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Аппаратына жүктөлөт.

**Аткаруучулар:**

- Кемин райондук мамлекеттик администарция;
- Кемин райондук суу чарба башкармалыгы;
- Кемин райондук айыл чарба башкармалы;
- Чым-Коргон айыл өкмөтү;
- “Элдик” муниципалдык ишканасы;
- “Элдик” муниципалдык ишканасынын “сугат суу” бөлүмү;
- “Элдик” муниципалдык ишканасынын “жайыт” бөлүмү;
- “Элдик” муниципалдык ишканасынын “ветеринар” кызматы;
- Дыйкан-фермер, дыйкан-малчы, дыйкан-механизаторлор;
- Кадастр;
- Элдик банк, Айыл банк(макулдашуу менен).

**Эскертүү:** пландардын аткарылышы агросектордо жаңы багыттар табылганда жана Чүй облусун өнүктүрүү боюнча калган 5 багытты эске алуу менен оңдолот жана толукталат.

| № п/п | Иш-чара | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучу (жетектөөчү) | Күтүлүүчү жыйынтык |
|---|---|---|---|---|
| **1-БӨЛҮМ: Суу ресурстары жана сугат тармагы (негизги блок)**<br>Бардык сугат суу булактарын инвентаризациялоо:<br>Дарыялар, каналдар, суу сактагычтар, көлмөлөр, суткалык жана декадалык жөнгө салуу бассейиндери: Чым-Коргон айыл аймагында 3 жөнгө салуу бассейиндер (СЖСБ) , аймактын түндүк тарабынан Чүй дарыясы, Чым-Коргон, Самаснсур айылдарынын чыгыш тарабынан, Боobek айылынын батыш тарабынан БЧК( чоң Чүй каналы) өтөт. 3 СЖСБ, Чым-Коргон айылындагыР-1,Мельничный, Р-1-1,Р-2, Р-3, Р-4,Р-4-3, Самансур айылындагы Р-4-4, Кызыл-Суу айылындагы Кызыл-ооз-1, Чечей, Л-1, Л-2, Л-3,Л-4, Л-5, алмалуу айылындагы Л-6, Л-7, Л-8, Л-9 каналдар Кемин райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүлгөн.<br>Айыл аймакты сугат суусу менен камсыз кылган негизги дарыя бул Чу дарыясы жана тоо булактарынан киргкн Кызыл-Суу дарыясы. Чу даыясы Орто-Токой суу сактагычы жана Чоң-Кемин дарыясы менен жөнгө салынган. | | | | |
| 1.1 | Ирригациялык сугат системаларын инвентаризациялоо | 01.02.26-ж. - 28.02.26- ж. | -Айыл өкмөтү<br>-Кемин суу чарба башкармалыгы | Айыл чарба жерлерин ирригациялык камсыздоо картасы<br>Айыл чарба жерлерин ирригациялык камсыздоо картасынын түзүлүшү |
| 1.2 | Сугат суусунун жетиштүү камсыз болушу үчүн СЖСБ жана ирригациялык каналдарды, арыктарды тазалоо жана ремонттоо иштерин жүргүзүү. Ремонт иштеринде жаңы инновациялык полимерлерди колдонуу. | 01.02.26-ж. - 31.03.26-ж. | - “Элдик” МИ;<br>-дыйкандар;<br>- Кемин суу чарба башкармалыгы | Дыйкандарга сугат суусунун минималдык жоготуулары менен жеткирилиши |
| 1.3 | Жаз алдында жана кеч күздө сугат, ным топтоо иштерин жүргүзүү, 30-40 см тереңдикте топуракты жумшартуу (чизелевание) технологиясын кеңири колдонууну стимулдаштыруу | 10.02.26-ж.-<br>10.03.26-ж.<br>15.10.26-ж.-<br>30.11.26-ж. | - “Элдик” МИ;<br>-дыйкандар | Жаз алдында жана кеч күздө сугат, ным топтоо иштерин жүргүзүүнүн жыйынтыгында, сугат суунун тартыштыгына карабастан түшүмдүн мол болуусуна түрткү берет жана вегетациялык мезгилдин жеңил өтүшүнө шарт түзөт.<br>30-40 см чизелдик айдоо топурактын нымдуулук сыйымдуулугун бир кыйла жогорулатууга мүмкүндүк берет жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | түшүмдүүлүктү жогорулатууга түздөн-түз таасирин тийгизет |
| 1.4 | Климаттык шарттарга байланыштуу сугат суусун үнөмдүү пайдалануу үчүн, дыйкан фермерлерди тамычылатып жана жамгырлатып сугаруу ыкмаларын колдонуу боюнча, мамлекет тарабынан жеңилдетилген насыялардын берилиши тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | 01.02.26-ж. - 31.03.26-ж. | - РМА;<br>-Айыл өкмөтү<br>-дыйкандар | Сугат суусун үнөмдөө, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт |
| 1.5 | Дыйкан фермелерге сууну аз талап кылган өсүмдүктөрдү өстүрүү, жаңы технологияларды колдонуу боюнча окутууларды уюштуруу. | 01.02.26-ж. - 31.03.26-ж. | - РМА;<br>-А/ө | Тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу ыкмаларын колдонуу менен сугат суусу үнөмдөлөт, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт |
| 1.6 | Суу бөлүштүрүү графигин түзүү жана так сактоо | 01.04.26-ж. - 01.05.26-ж.<br><br>01.10.26-ж. – 31.10.26-ж. | -- “Элдик” МИ;<br>-дыйкандар;<br>- Кемин суу чарба башкармалыгы | Дыйкан фермерлерге сугат суусу убагында берилет |

**2-БӨЛҮМ: Жер ресурстары жана жайыт**

Чым-Коргон айыл аймагында сугат жерлердин жалпы аянты: - **5415 га;**
- кайрак жерлер –**434 га;**
- чөп чабык жерлер – **375 га;**
- айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери (АЧЖМФЖ) – **842 га;**
- жайыт – **15509 га;**
- көп жылдык бак дарактар – **5 га;**
- пайдаланылбаган жерлер – **0 га**.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2.1 | Аймактагы айыл чарба багытындагы жер тилкелерин инвентаризациялоо | 01.02.26-ж – 28.02.26-ж. | - Айыл өкмөтү | Айыл чарба жерлеринин иш жүзүндө пайдалануусунун жыйынды таблицасы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2.2 | Асылдуулугу төмөн жерлердин жайгашкан жери жөнүндө маалыматтарды фермерлерге жана инвесторлорго жеткирүүнү камсыздоо | 01.03.2026 | - Айыл өкмөтү | Асылдуулугу төмөн жерлерди тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу менен өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт |
| 2.3 | Айыл чарба багытындагы окууларын, айыл өкмөт башчыларын алты тармак боюнча окутуу иштерин үзгүлтүксүз өткөрүү | Квартал сайын | - Айыл өкмөтү | Аткарылган иштердин жыйынтыгын чыгаруу жана кийинки мезгилге карата жаңы окуу пландарын түзүү |
| 2.4 | Айыл өкмөтүндө айыл чарба багытындагы жетишсиз адистердин санын аныктоо | 10.02.26-ж-28.02.26-ж. | - Айыл өкмөтү | Айыл чарба багытындагы жетишсиз адистердин саны аныкталгандан кийин окуу программаларын түзүү, окутууларды жүргүзүү жана штаттык түзүмдөрүн көбөйтүү боюнча сунуштарды берүү |
| 2.5 | Айыл аймак боюнча карталарынын түзүлүшүнүн жыйынтыктарын чыгаруу, жүгүртүүгө иш жүзүндө киргизилбей калган аянттардын себеби | 01.03.26-ж. – 01.04.26-ж. | - Айыл өкмөтү<br>- КАДАСТР; | Айыл чарба жерлеринин реестрин актуалдаштыруу жана кийинки жылга резервдерди аныктоо |
| 2.6 | Айыл аймак боюнча өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү боюнча 2-3 жылдын маалыматын чогултуу, жердин кыртышын анализ кылуу, экономикалык натыйжалуулугун аныктоо. Аянттардын структурсын талдоо. | 31.03.26-ж. | - Айыл өкмөтү | Түшүмдүүлүгү аз айыл чарба жерлеринин картасын түзүү |
| 2.7 | Күздүк эгин аянттарын көбөйтүүнү стимулдаштыруу (бул сугат сууну үнөмдөөгө жана түшүмдүүлүктү кыйла жогорулатууга мүмкүндүк берет), жылдын күз-кыш мезгилинде малды контролсуз жаюуга каршы натыйжалуу күрөштү уюштуруу | 01.10.26-ж.-01.09.27-ж. | - Айыл өкмөтү | Сугат суусу үнөмдөлөт, түшүмдүүлүк жогорулайт |
| 2.8 | Түшүмдүүлүгү төмөн айыл чарба жерлеринде эгиндерди себүү иштерин коштоо, (агрономдордун дан эгиндерин азыктандырууну жана багууну сунуштоо боюнча даректүү баруулары) | 01.03.26-ж. - 01.05.26-ж.;<br><br>01.09.26-ж. - 31.10.26-ж. | Айыл өкмөтү | Айрым өсүмдүктөр боюнча иш жүзүндөгү түшүмдүүлүктүн өсүшү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **3-БӨЛҮМ: Өсүмдүк өстүрүү**<br>**Генетикалык ресурстарды эсепке алуу, үрөнчүлүктү жакшыртуу жана интенсивдүү дыйканчылык методдорун киргизүү.**<br>**Үрөнчүлүк чарбалар:** айыл аймакта үрөөнчүлүк чарба жок | | | | |
| 3.1 | Айыл чарба жерлеринин айдоо аянттарын эффективдүү пайдалануу, ошондой эле өндүрүлгөн үрөндөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жаңы үрөн чарба ачуу. | 2026-2027-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү | Үрөнчүлүк чарбанын ачылышы менен импорттук үрөндөргө көзкарандылык азайат |
| 3.2 | Айыл чарба кооперативдерин иш жүзүндө түзүү жана ишке киргизүү (биргелешкен сатуу, техника, сактоо) | 01.06.26-ж. - 30.09.26-ж. | - Айыл өкмөтү | Фермерлердин туруктуу кооперацияга биригүүсү |
| 3.3 | АЧЖМФЖ жерлерин инвентаризациялоо, жерди пайдалануу боюнча пландык көрсөткүчтөрүн, максаттуу багыты боюнча колодонулушун көзөмөлгө алуу | 15.02.26-ж. - 15.03.26-ж. | - Айыл өкмөтү;<br>-Кадастр | Инвентаризациялоо актыларынын түзүлүшү жана Кадастрда катталышы, максаттуу пайдаланылышы |
| 3.4 | Үрөнчүлүк чарбаны колдоо максатында элиталык үрөндөрдүн көлөмүн көбөйтүү үчүн АЧЖМФЖ жерлерин чарбаларга ижарага берүү | 10.02.27-ж. - 10.03.27-ж. | - Айыл өкмөтү;<br>- КАДАСТР. | Үрөн чарба менен айыл өкмөтүнүн ортосундагы келишимдердин түзүлүшү |
| 3.5 | АЧЖМФЖ жерлерин үрөнчүлүк чарбага ижарага берүү мөөнөтүн 5- жылдан 10- жылга узартуу | 10.02.27-ж. - 10.03.27-ж. | - Айыл өкмөтү;<br>- КАДАСТР. | Үрөн чарбанын которуштуруп айдоо мүмкүнчүлүгү кеңейет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3.6 | Климаттык шарттарга байланыштуу дыйкандарга жогорку рентабелдүү өсүмдүктөргө өтүү зарылчылыгы жана тамчылатып, жамгырлатып сугаруу ыкмалары боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.<br>Акация, Кара жыгачтан, Тыт, Гледичиядан турган талаа коргоочу тилкелерди түзүп баштоо.<br>Кыргыз дыйканчылык илим изилдөө институтунун кургакка чыдамдуу буудай жана арпа сортторунун үрөнчүлүгүн колдоо. | 10.02.26-ж. - 30.03.26-ж.<br>2027-жыл<br>2027-жыл | - Айыл өкмөтү | Ишкерлердин, кайра өндүрүүчүлөрдүн киреше булактары көбөйөт, эң негизгиси сугат суусу үнөмдөлөт |
| | **4-БӨЛҮМ: Мал чарбасы**<br>**Асыл тукум мал чарбасын өнүктүрүү, малдын продуктуулугун жогорулатуу:**<br>Чым-Коргон айыл аймагында жайыт жердин аянты – **15509 га;**<br>- бодо малдын саны – **5454 баш**;<br>- кой, эчкилердин саны – **16456 баш;**<br>- жылкынын саны – **1998 баш**;<br>- үй канаттууларынын саны – **10738 баш.**<br>Чым-Коргон айыл аймагында асыл-тукум фермалар **жок.** | | | |
| 4.1 | Жайыт жерлерин инвентаризациялоо иштерин жүргүзүү | 15.05.26 ж. - 15.07.26-ж. | - “Элдик” МИ | Жайыт жерлеринин так аянтын аныктоо |
| 4.2 | Ашыкча жүктөлгөн жайыттарды жана мал суу ичүүчү аштоолорду аныктоо | 01.07.26-ж.- 01.08.26-ж. | - “Элдик” МИ | Деградацияланган жайыттардын тизмесин түзүү |
| 4.3 | Жайыттарды туура пайдалануу боюнча чараларды ишке ашыруу, мал суу ичүүчү аштоолор жок жерге аштоолорду орнотуу, мал жаюунун орундарын которуштуруп жайыттарды эс алдыруу | 01.07.26-ж.- 01.09.26-ж. | - “Элдик” МИ, -малчылар | Жайыттардын деградациясын азайтуу |
| 4.4 | Жайыт сезонун жыйынтыктоочу баалоо, кийинки жылга орун алмаштыруу схемасын | 01.09.26-ж.- 01.10.26-ж. | - “Элдик” МИ | Кийинки жылга жайыттын деградация коркунучун азайтуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | түзүү жана мал суу иче турган аштоолорду ондоо | | | |
| 4.5 | Профилактикалык иш-чараларды жыйынтыктоо, эмдөөлөрдү пландаштыруу жана кийинки жылга иш-чараларды белгилөө | 01.10.26-ж.-01.11.26-ж. | - "Элдик" МИ | Кышка жана кийинки сезонго даярдыктарды жогорулатуу |
| 4.6 | Асыл-тукум мал чарба ачуу | 2027-жыл | - Айыл өкмөтү<br>-малчы-фермер | Асыл тукум мал чарбаларын ачууга көмөк көрсөтүү, тоют базасын чыңдоо үчүн АЧЖМФЖ жерлеринен ижарага берүү жана фермердик чарбалардын жетекчилерине багыт берүү менен көмөк көрсөтүү |
| 4.7 | Бодо малдарды бордоп кармоо ыкмаларын жана сүт өндүрүшүн жайылтуу менен фермерлерди окутуу. Бодо малдарды бордоп семиртүүдө айыл аймака караштуу жайыттарды кенири пайдаланууну уюштуруу; Сүт өндүрүнүн негизги технологияларын [redacted] фермердик чарбаларда кенири жайылтуу. Фермерлерди жогоруда аталган малыматтар боюнча окутуу | 2026-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү<br>-малчы-фермер | Этти жана сүттү өндүрүү көбөйөт |
| 4.8 | Кашарларды, мал сарайларды жана атканаларды инвентаризациялоо | 01.07.26-ж.-01.09.26-ж. | - Айыл өкмөтү<br>- | Инвентаризациялоо актыларынын түзүлүшү жана жыйынтыгы |

## 5-БӨЛҮМ: Кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү

Кайра иштетүүчү өндүрүштөрдү түзүүнү жана модернизациялоону стимулдаштыруу, анын ичинде агроиштетүү, логистика тармактары:

- Чым-Коргон айыл аймагында кайра иштетүүчү ишканалар **жок;**
- 1 мал базар бар

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5.1 | Айыл аймакта артыкчылыктуу тармактарды аныктоо менен кайра иштетүүчү ишкананы куруу | 2026-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү | Кайра иштетүү тармактарынын өсүшү, техникалык абалдарынын сапатынын жакшырышы, кайра иштетилген продукциясынын баасынын өсүшү, жумушчу орундардын көбөйүшү |
| 5.2 | Кошумча наркы жогору болгон долбоорлорго көңүл буруп иш жүзүнө | Жыл ичинде | - Айыл өкмөтү | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ашыруу | | | |
| 5.3 | Айыл чарба багытында кластердик ыкма менен кайра иштетүү зонасын түзүү | Жыл ичинде | - Айыл өкмөтү | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №210 токтомуна ылайык түзүлгөн «Кыргыз Агрохолдинг» ААК тарабынан агроөнөр жай комплексин комплекстүү өнүктүрүүгө багытталган инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу, анын ичинде айыл чарба продукциясын өндүрүү жана кайра иштетүү, сактоо инфраструктурасын өнүктүрүү, экспортко багытталган долбоорлорго катышуу жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу |
| **6-БӨЛҮМ: Агроөнөржай комплексин техникалык жабдуу жана прогрессивдүү инновациялык технологияларды киргизүү**<br><br>- Чым-Коргон айыл аймагында **62** трактор;<br>- **33** соко,<br>- **12** борон,<br>- **1** жер семирткичтерди жана химикаттарды чачуучу тракторлор,<br>- **9** себүүчү прицептер,<br>- **14** культиватор,<br>- **10** прицеп,<br>- **5** комбайн бар. | | | | |
| 6.1 | Айыл чарба техникаларынын болушун жана абалын инвентаризациялоо (тракторлор, сеялкалар, комбайндар ж.б.) | 10.05.26-ж.-10.03.26-ж. | - Айыл өкмөтү, (статист)<br>-дыйкан-механизаторлор | Негизги техниканын тартыштыгынын тизмеси түзүлөт |
| 6.2 | Келечекте машино-трактордук станцияларды ачуу | 2027-2028-ж | - Айыл өкмөтү | Жетишпеген техникалардын түзүлгөн тизмесине ылайык жаңы техникаларды алуу |
| 6.3 | Өндүрүш чыгымдарын, өзгөчө зарыл күйүүчү май жана майлоочу материалдарды, | 2027-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү, дыйкан- | Өндүрүш чыгымдары азайат, өзгөчө зарыл күйүүчү май жана майлоочу материалдарды, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | минералдык жер семирткичтерди, сугарууну механизациялаштырууну жана МТС кызматтарын алууга байланыштуу чыгымдарды азайтуу максатында фермерлер ортосундагы кызматташтыкты активдүү түрдө өнүктүрүү | | механизаторло р | минералдык жер семирткичтерди дүң баасы менен алынат, МТС кызматтарынын чыгымдары азайат |
| 6.4 | Айыл чарба товар өндүрүүчүлөр менен уюштуруу иштерин жүргүзүү менен майда товар өндүрүүчүлүрдү ирилештирүү процесстерине катышуу. “Бириккен товар өндүрүүчүлөрдү каржылоо» долбоорун дыйкан-фермерге жеткизүү | 2026-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү | Айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө жеңилдетилген насыялар, үрөн жана техника менен камсыздоого шарттар түзүлөт |
| 6.5 | Лизинг программасын ишке ашыруу аркылуу, айыл чарба товар өндүрүүчүлүрдүн машина-трактордук паркын жаңылоо | 2026-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү;<br>-дыйкан-фермерлер<br>- Элдик банк;<br>- Айыл банк;<br>(макулдашуу) | |
| 6.6 | Агрономиялык сунуштар, онлайн чарбаны башкаруу, платформалар аркылуу сатуу рыногуна чыгуу | 2026-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү | Санариптик сервистерди киргизүү |

**7-БӨЛҮМ: Экспорттук багыт жана логистика**

**Экспортко багытталган долбоорлорду колдоо, логистикалык инфраструктураны өнүктүрүү, Чым-Коргон айыл аймагында өндүрүлгөн продукциясын тышкы рынокторго чыгарууга көмөк көрсөтүү**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7.1 | Жашылча сактоочу жайларды, муздаткычтарды, кургаткычтарды, кампаларды ачуу | 2026-2027-жж | - Айыл өкмөтү;<br>-дыйкан-ишкерлер | Чым-Коргон айыл аймагында өндүрүлгөн продукциясын экспорт көлөмүнүн өсүшү |
| 7.2 | Айыл чарба продукциясынын сапатын жогорулатуу аркылуу экспортту көбөйтүү | 2026-жыл ичнде | - Айыл өкмөтү;<br>-дыйкан-ишкерлер | |
| 7.3 | Айыл аймакта жашылча жемиш сактоочу | 2026-жыл | - Айыл өкмөтү; | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | соода-логистикалык борборлорду ачуу | ичнде | -дыйкан-ишкерлер | |
| 7.4 | Дыйкандан түз базарга пилоттук түз сатуу каналдарын уюштуруу (жарманкелер, базарлар менен макулдашуулар) | 2026-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү; -дыйкан-ишкерлер | Дыйкандардын базарларга чыгуусуна жеңилдетилген шарттарды түзүү |
| 7.5 | Түз сатуу каналдарын кеңейтүү, туруктуу жарманкелер, базарлар жана кайра иштетүүчүлөр менен келишимдерди түзүү | 01.07.26-ж. - 01.09.26-ж. | - Айыл өкмөтү; -дыйкан-ишкерлер | Бааларды турукташтыруу жана фермерлердин кирешелерин жакшыртуу |
| 7.6 | Айыл чарба кооперативдеринин иш-аракетин иш жүзүндө түзүү жана ишке киргизүү (биргелешкен сатуу, техника, сактоо) | 01.07.26-ж. - 01.09.26-ж. | - Айыл өкмөтү; | Фермерлердин туруктуу кооперациясынын башталышына шарттар түзүлөт |
| 7.7 | Дыйкан чарбаларына бара турган жолдорду жакшыртуу | 2026-жыл ичинде | - “Элдик” МИ | Дыйкандардын убакыттары үнөмдөлөт ошондой эле инфраструктура түзүлөт |
| | **8-БӨЛҮМ: Каржылоо жана насыялар** | | | |
| 8.1 | Айыл чарба иштерин өз убагында жүргүзүүдө, айылдык товар өндүрүүчүлөргө мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, «Айыл чарбасын каржылоо» долбоорунун алкагында, Чым-Коргон айыл аймагында дыйкан, фермер, багбандар жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнү каалаган өндүрүшчүлөргө, жеңилдетилген насыяларды берүү | 2026- жыл ичинде | - Айыл өкмөтү;<br>- Элдик банк;<br>- Айыл банк; (макулдашуу) | Айыл чарба иштерин өз убагында жүргүзүүдө, айылдык товар өндүрүүчүлөргө мамлекеттик колдоо көрсөтүлүп, ыңгайлуу шарттар түзүлөт |
| 8.2 | Аймактын климаттык шартына байланыштуу, суу таңкыс аймактарда тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу ыкмаларын сунуштоо | 2026- жыл ичинде | - Айыл өкмөтү<br>- Элдик банк;<br>- Айыл банк; (макулдашуу) | Тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу ыкмаларын колдонуу менен сугат суусу үнөмдөлөт, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8.3 | Органикалык айыл чарба продукцияларын өндүрүү боюнча жаңы технологияларды колдонууну боюнча окутууларды уюштуруу | 01.03.26-ж.-01.04.26-ж. | - Айыл өкмөтү | Органикалык продукциялардын көбөйүшүнө шарттар түзүлөт |
| 8.4 | Дыйкандарга,фермерлерге банктар, тарабынан жеңилдетилген насыялардын, пайдаланылышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү | 2026-жыл ичинде | - Айыл өкмөтү<br>- Элдик банк;<br>- Айыл банк;<br>(макулдашуу) | Дыйкандар жана фермерлер алган насыясын айыл чарба тармагына так колднулушу эртеңки күнү эң жакшы натыйжаларды берет |

**Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн башчынын орун басары** **А.Джамангулова**